КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
С.С.УСУБАЛИЕВ АТЫНДАГЫ
ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ
МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА ИМ С.С.УСУБАЛИЕВА

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

01.09.2022ж №2

Ак-Башат айылы

**Мектеп компоненти жөнүндө**

2022-2023-окуу жылынын базистик окуу планы, КР Билим берүү жана илим министирлигинин 05.08.22ж №1529\1 буйругуна ылайык мектеп компонентин берүү тууралуу

**буйрук кылам:**

1. КР Билим берүү жана илим министирлигинин 05.08.22ж №1529\1 буйругуна ылайык берилген 3саат мектеп компоненттери төмөнкү мугалимдерге бөлүштүрүлсүн.
   1. 5-класс 1саат кыргыз адабияты – мугалим Суван к Айгерим
   2. 8класс 1саат орус тили - мугалим Сариева А.С
   3. 10-класс 1саат география – мугалим Майлыбаева Г.Б
2. Бул буйрукту аткаруу ОТИ б.д.о.б. Сокубашева К.О миллеттендирилсин, өзүм көзөмөлгө алам.

Директордун м.а: Т.А.Осмоналиева

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин
05.08.22-ж №1520/1 буйругу менен бекитилген

**Сабыркул Сасанбаевич Усубалиевич атындагы жалпы орто билим берүүчү**
**мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата базистик окуу планына**
**түшүндүрмө кат**

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты менен бекитилген билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн ден соолук, физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалдарын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жылдык жумалык ошондой эле чектелген окуу жүктөмүн аныктайт.

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жумалык окуу жүктөмү** | 21 | 23 | 23 | 23 | 28 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 30 |
| **Чектелген окуу жүктөмү** | 21 | 23 | 23 | 23 | 29 | 30 | 32 | 3[illegible] | 33 | 34 | 3[illegible] |

Базистик окуу планы окуу предметтеринин тизмесин белгилейт, окуучулардын өзүн өзү көрсөтүүсү жана өзүн өзү аныктоосу үчүн шарттарды камсыз кылуу менен алардын кызыкчылыктарына, керектөөлөрүнө ылайык мектеп компонентин ишке ашырууну, негизги жана предметтик компоненттүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздайт.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартуу, ошондой эле мамлекеттик компоненттеги ар бир предмет үчүн чегерилген сааттын эсебинен башка предметтерди окутууга жол берилбейт.

Мектептик компонент жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин макулдугу менен ишке ашырылат.Мектеп компоненти С.С.Усубалиев атындагы ЖОББ мектебинде педкеңешме №1 28.08.2022-ж. чечими жана ата энелердин макулдугу менен 5-класска 1саат кыргыз адабияты жана 8-класска 1саат орус тили берилди. 10-класска 1саат география сабагы берилди. Буйрук №2 01.09.2022ж

1 баскычтагы базистик окуу планы (1-4-класстар) башталгыч жалпы билим берүүчү негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн 4 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

2 баскычтагы Базистик окуу планы (5-9-класстар) негизги жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн 5 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

3 баскычтагы Базистик окуу планы /(10-11-класстар) жалпы орто билим берүүнүн негизги жлпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн 2 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

Мектепке чейинки уюмдарга катышпаган эрте курактагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана аларды андан ары социалдык адаптациялоо максатында 480сааттык «Наристе» программасы боюнча мектепте даярдоо өткөрүлөт.

5-6-класстарда «Тарых» предмети боюнча сабактар жаңы предметтик стандартка, 7-11-класстарда, колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Журналдарга «Тарых» деген бирдиктүү аталыш менен жазылат.

КР президентинин 2022-жылдын 7-февралындагы №177 Жарлыгы ... жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өспүрүмдөрдүн диндер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу максатында 2022-2023-окуу жылынан баштап 9-класска «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети киргизилип, анны окутууга жумачына 1саат бөлүнгөн. КР Ички иштер министирлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предлметинин мугалимдери окутушат.

«Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 1-4-класстарда жумасына 2саат менен окутулуп, ал башталгыч класстардын окуучуларын курчап турган дүйнө кубулуштары, өлкөдө жашаган элдердин руханий маданияты жана жүрүм туруму адеби, ошондой эле

турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери менен тааныштырат. 7-9-класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына 2саат, 10-класста 3саат бөлүнгөн. 11-класста «Физика. Астрономия» интеграцияланган предмет катары жумасына 3саат менен окутулат жана класстык журналда «Физика.Астрономия» деген жалпы аталышы жазылат.

«Математика»предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат. 7-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предметтери өз алдынча предмет катары бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

5-6-8-9-класстарда «Технология» предметин окутуу мурунку жылдагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат. Ал эми 7-класста 1-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окулат.

«Көркөм өнөр» предметтери 1-6-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга, окуу программаларына жана окуу-методикалык комплекстерине ылайык окутулат. Ал эми 2-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окулат.

КР Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндөгү» 2021-жылдын 29-январындагы №1 Жарлыгында жана КР Министрлер Кабинетинин «2021-2026-жылдары КР Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндөгү» 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 токтомунда аныкталган окуучулардын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн негизги багыттары жана максаттарына ылайык жалпы билим берүү уюмдарында класстык жана класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу ишке ашырылуучу тарбиялоо иштери жүргүзүлөт.

**Уюштуруу иш-чаралары:**

2022-2023-окуу жылында баардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн алардын менчик түрүнө карабастан, 5күндүк окуу жумасына бекитилет

Бардык түрдөгү жана менчиктик формасындагы жалпы билим берүү уюмдарында 2022-2023-окуу жылы сабактар 1-сентябрда башталып, 25-майда аяктайт.

Окуу жылынын созулушу, каникул мезгилдерин эсепке албаганда, төмөндөгүдөй болот: 1-класста – 33 жума, 2-4-класстарда – 34 жума, 5-11-класстарда 36 жумага чейин. Каникул мезгили, беш күндүк окуу жумасын эске алганда 30 календардык күн.

**Каникул графиги:**

**Күзгү каникул** – 7күн: 2022-жылдын 31-октябрынан 6-ноябрына чейин. Сабак – 2022-жылдын 9-ноябрынан башталат.

**Кышкы каникул** – 12күн

: 2021-жылдын 30-декабрынан 2023-жылдын 10-январына чейин, сабак 2023-жылдын 11-январында башталат.

**Жазгы каникул** – 10күн: 2023-жылдын 20-29-марты, сабак 2023-жылдын 30-мартында башталат.

1-класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет. Сабактын узактыгы:1-класстарда – 40мүнөт, 2-11-класстарда – 45 мүнөт.

Окуу сабактары 8.00дөн эрте башталбайт. Эки мөөнөттө иштеген жалпы билим берүүчү мектептерде 1-5-9-11-класстарда сабак биринчи сменада уюштурулушу керек.

Сабактардын жүгүртмөсү КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген «жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана уюштурууга карата санитардык-эпидемиялык талаптарынын»№6 тиркемесинин 164, 165,166,167,168, 169 пункттарына ылайык түзүлөт. Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу мүмкүн болгон жүктөм деп эсептелет жана өзгөртүүгө жатпайт.

2022-2023-окуу жылы үчүн КР Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан бекитилген Базистик окуу пландын негизинде мамлекеттик муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептер үчүн иштелип чыккан окуу планы тиешелүү шаардык\райондук билим берүү башкармалыктары\бөлүмдөрү менен макулдашылат.

Жалпы билим берүүчү мамлекеттик эмес уюмдардын, республикага баш ийген жалпы билим берүүчү уюмдардын жана кесиптик окуу жайлардын алдындагы жалпы билим берүүчү уюмдардын окуу пландары КР Билим берүү жана илим министирлигинде макулдашуудан өтөт.